сиңирүүгө гана эмес, ошондой эле аларды дүйнөлүк маданиятка интеграциялоого, заманбап билим берүү системасынын талаптарына жооп берген инсан кылып тарбиялоого болот. Кыргыз элинин руханий мурасы болгон «Манас» эпосун жаштарды тарбиялоодо кеңири пайдалануу – улуттук идентүүлүктү бекемдөөнүн, улуттук нарктарды жайылтуунун, өлкөнүн жаркын келечегин камсыз кылуунун негизги шарты. «Манас» эпосу – кыргыз элинин түбөлүк мурасы жана жаштарды тарбиялоодо анын орду алмаштырылгыс.

Колдонулган адабияттар

1. Байгазиев С. О. Улуу «Манас» эпосунун уңгулуу баалуулуктары. — Бишкек: Алтын тамга, 2025. — 200 б.
2. Кыргыздар. — 5-т. — Бишкек: Учкун ААК, 2023. — 580 б.
3. Айтматов Ч., Шаханов М. Құз басындағы аңшының зары (Ғасыр айрығындағы сырласу). — Алматы: Рауан, 1997. — 384 б.
4. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы / түз. С. Байгазиев // Кутбилим. — 2010. — 20-авг.
5. «Манас» энциклопедиясы. — 2-т. — Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. — 431 б.
6. Муратов А. Ж., Акматов К. Кыргыз адабияты: 5-класс үчүн окуу китеби. — Бишкек: Билим-компьютер, 2018. — 224 б.
7. Радлов В. В. Манас: Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү / түз. С. Мусаев. — Бишкек: Шам, 1997. — 352 б.
8. Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы. — 2021-жылдын 29-январы. — ПЖ № 1.
9. «Манас» энциклопедиясы. — 1-т. — Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995.
10. Жакыпбеков А. Теңири Манас. — Бишкек: Кыргызстан, 1995. — 560 б.
11. Волков Г. Н. Этнопедагогика: учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. — М.: Академия, 2000. — 168 с.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Зулпуев А.З.

УДК 811.51
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-247-251

Суранова Н.Р., Абдувапова А.Т.
М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети
Суранова Н.Р., Абдувапова А.Т.
Ошский технологический университет имени М.М. Адышева
Nazigul S.R., Abduvapova A.T.
M. M. Adyshev Osh Technological University

ORCID 0009-0002-3860-6262

КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕГИ ИНТЕРАКТИВДҮҮ ТЕКСТТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАР
ИНТЕРАКТИВНЫЕ ТЕКСТОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ
INTERACTIVE TEXT-BASED TECHNOLOGIES IN THE PROCESS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз тили сабагында интерактивдүү тексттик технологияларды колдонуу ыкмалары талданат. Окутуунун жаңы форматтары — санариптик ресурстар, онлайн-платформалар жана чат-боттор аркылуу студенттердин тилдик компетенциясын өнүктүрүүнүн натыйжалуулугу каралат. Изилдөөдө Ж. Чыманов жана И. Бекбоев сыяктуу окумуштуулардын кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы боюнча эмгектери негиз катары алынган. Интерактивдүү тексттик ыкмалардын дидактикалык ролу, тилди өздөштүрүүдөгү мотивациялык жана коммуникативдик таасири көрсөтүлөт.

Аннотация: В статье анализируются методы использования интерактивных текстовых технологий на занятиях по кыргызскому языку. Рассматривается эффективность развития языковых компетенций студентов посредством новых форматов обучения — цифровых ресурсов, онлайн-платформ и чат-ботов. В основу исследования положены труды таких ученых, как Ж. Чыманов и И. Бекбоев, посвященные теории и практике преподавания кыргызского языка. Показаны дидактическая роль интерактивных текстовых методов, их мотивационное и коммуникативное влияние на овладение языком.

Abstract: The article analyzes methods of using interactive text-based technologies in Kyrgyz language classes. It examines the effectiveness of developing students' language competencies through new learning formats, including digital resources, online platforms, and chatbots. The study is based on the works of scholars such as J. Chymanov and I. Bekboev on the theory and practice of teaching the Kyrgyz language. The article highlights the didactic role of interactive text-based methods and their motivational and communicative impact on language acquisition.

Негизги сөздөр: кыргыз тили; интерактивдүү технологиялар; тексттик ыкмалар; билим берүү; тил үйрөнүү; чат-бот; санариптик платформа.

Ключевые слова: кыргызский язык; интерактивные технологии; текстовые методы; образование; изучение языка; чат-бот; цифровая платформа.

Keywords: Kyrgyz language; interactive technologies; text-based methods; education; language learning; chatbot; digital platform.

Киришүү. Азыркы билим берүү процессинде кыргыз тилин окутуу салттуу ыкмалар менен гана чектелбестен, интерактивдүү технологияларды колдонуу аркылуу жандуу, студенттердин активдүүлүгүнө өбөлгө түзгөн формага өтүүдө. Билим берүү тармагындагы санариптештирүү процесси кыргыз тилин окутууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда.

Жалпы билим берүүчү орто окуу жайларында кыргыз тили жана адабияты предметин окутууда окуучулардын эне тилине болгон кызыгуусун арттыруу үчүн интерактивдүү технологияларды колдонуу маанилүү. Ааламдашуу шартында илим жана техника тездик менен өнүгүп, жасалма интеллект жана жаңы санариптик платформалар билим берүү процессине кеңири киргизилүүдө. Мындай шартта кыргыз тилин окутуунун заманбап технологиялар менен айкалышта өнүгүшү жана өз ордун сактап калышы абзел.

Ошол эле учурда жалпы билим берүүчү орто окуу жайларында кыргыз тилинин унутта калып бара жаткан архаизмдерин, фразеологизмдерин, макал-лакаптарын колдонуу аркылуу окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү жана аларды күнүмдүк турмушта колдоно билүүгө үйрөтүү маанилүү. Кыргыз

тили жана адабияты сабактарында улуттук баалуулуктарга кайрылуу тил байлыгын сактоого жана өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Билим берүү тармагындагы санариптештирүү процесси кыргыз тилин окутууда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Учурда колледждерде кыргыз тилин окутуунун заманбап ыкмаларын жайылтуу, тажрыйба алмашуу жана жаратман адистердин иш тажрыйбасын жайылтуу орчундуу маселелердин бири болуп саналат.

Буга байланыштуу ОшМУда «Кыргыз тилин заманбап технологиялар менен окутуунун методологиясы» аталышындагы кереге кеңеш өткөрүлгөн. Иш-чарага шаардагы колледждердин окутуучулары, орто кесиптик билим берүү тармагынын жетекчилери, окуу жайдын колледждеринин окутуучулары жана студенттер катышкан.

Ж. Чыманов кыргыз тилин окутууда тексттин өзгөчө мааниге ээ экендигин белгилеп, текстти кыргыз тилин окутуунун мазмундук өзөгү, дидактикалык материал жана тилдик ишмердүүлүктү уюштуруучу каражат катары карайт [1, 145-б.].

И. Бекбоевдин инсанга багыттап окутуу концепциясында окуучунун реалдуу окуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө, окутуунун максаттарын жана милдеттерин оптималдуу аныктоо, ошондой эле аларга ылайыктуу окутуу методдорун тандоо маанилүү орунду ээлейт [2]. «Колледждерде кыргыз тилин окутуунун өзгөчөлүгү» аттуу макалада белгиленгендей, заманбап билим берүү процессинде интерактивдүү технологиялар окутуучунун ролун өзгөртүп, студенттерди билимди пассивдүү кабыл алуучудан активдүү катышуучуга айлантат [3].

Интерактивдүү тексттик технологиянын маңызы. Интерактивдүү технологиялар — билим берүү процессинде окутуучу менен студенттин ортосундагы эки тараптуу байланыштын үзгүлтүксүз жүрүшүн камсыз кылуучу дидактикалык системалардын жыйындысы. Кыргыз тилин окутууда интерактивдүүлүк негизинен коммуникативдик компетенцияны жана тилдик активдүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган. Башкача айтканда, студент тилди үйрөнүүчү гана эмес, аны колдонуу процессинин активдүү катышуучусу болуп калат.

Интерактивдүү тексттик технологиянын негизги өзгөчөлүгү — текст менен иштөөдө динамикалуу, жандуу процессти түзүү. Ар бир текст окуучу үчүн жекече мааниге ээ болуп, анын түшүнүүсүнө, сезимине жана ой жүгүртүүсүнө жараша интерпретацияланат. Мындай ыкма окутууну механикалык жаттоо формасынан чыгарып, тил аркылуу ой жүгүртүүнү калыптандыруу максатын көздөйт.

Кыргыз тили сабагында интерактивдүү тексттик ыкмалар төмөнкү элементтерди камтыйт:

– суроо-жооп форматындагы тексттик диалогдор. Бул ыкма сүйлөө жана угуу көндүмдөрүн бир эле учурда активдештирет;

– тексттик сценарий түзүү. Студенттерге окуялык тексттердин өнүгүшүн улантуу тапшырмасы берилет;

– тексттик рефлексия. Студент текстти окуп бүткөндөн кийин анын негизги идеясын, автордук көз карашты жана өзүнүн пикирин жазуу түрүндө билдирет;

– интерактивдүү форум же блог түзүү. Студенттер онлайн мейкиндикте тексттерди бөлүшүп, бири-бирине комментарий беришет.

Ошондой эле интерактивдүү тексттик технологиялар тил үйрөнүүнүн психолингвистикалык аспектилерин да эске алат. Студент текстти түшүнүү жана түзүү учурунда тилдик бирдиктерди гана эмес, алардын ортосундагы логикалык байланыштарды да аңдап үйрөнөт. Бул процесс Ж. Чыманов белгилеген «текст аркылуу тилдик аң-сезимди өнүктүрүү» концепциясына дал келет [3].

Мындан тышкары, заманбап билим берүү системасына интерактивдүү платформалардын (Moodle, Google Classroom, Duolingo ж.б.) киргизилиши кыргыз тилин үйрөтүү процессин жаңы деңгээлге чыгарды. Мисалы, студенттер тексттерди онлайн талдап, тесттерге катышып, жыйынтыгын дароо көрө алышат. Бул ыкма студенттердин мотивациясын арттырып, тил үйрөнүү процессин оюн элементтери менен айкалыштырат.

И. Бекбоев белгилегендей, «интерактивдүүлүк — бул окутуунун жандуу формасы, анда студент билимди даяр түрдө албайт, аны изилдөөнүн, талдоонун жана түзүүнүн натыйжасында өздөштүрөт» [4]. Ошондуктан кыргыз тили сабагында интерактивдүү тексттик технологияларды колдонуу студенттердин лингвистикалык билимин, жазуу жана сүйлөө жөндөмүн, ошондой эле санариптик сабаттуулугун бир эле учурда өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Кыргыз тили сабагында бул ыкмалар тексттер менен диалогдук негизде иштөө, онлайн-платформаларда тапшырмаларды аткаруу же чат-боттор аркылуу тил үйрөнүү түрүндө ишке ашат.

Кыргыз тилин окутууда интерактивдүү ыкмалардын маанисиөзгөчө чоң. Айрыкча орто кесиптик окуу жайларында студенттердин тилдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө окутуунун активдүү жана практикалык формалары натыйжалуу деп эсептелет. Колледж студенттери кыргыз тили сабагында тексттерди талдоо, сүйлөм түзүү, онлайн-дебаттарга жана ролдук оюндарга катышуу аркылуу тилдик компетенцияларын өрчүтө алышат. Мисалы, студенттер интерактивдүү платформалар аркылуу тапшырмаларды аткарып, сабактын жүрүшүнө онлайн катыша алышат. Бул ыкмалар ар бир студенттин өз пикирин билдирүүсүнө, туура жооп издөөсүнө жана аргументтөө жөндөмүн өнүктүрүүсүнө шарт түзөт.

Интерактивдүүлүк «окуучунун инсандык жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип» билим берүүнүн натыйжалуулугун өркүндөтүүгө багытталган иш-аракеттердин системасы катары түшүндүрүлөт [5]. Мындай ыкмалар студенттердин кызыгуусун арттырып, сабактын эмоционалдык деңгээлин көтөрөт. Ошондой эле окутуучу менен студенттин ортосундагы байланыш бекемделип, тил үйрөнүү процесси диалогдук мүнөзгө ээ болот [5, 47-б.]. Мисалы, «сүйлөшүү тексти» же «диалогду толуктоо тапшырмалары» аркылуу студенттер кыргыз тилинин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүшөт.

Интерактивдүү тексттик ыкмалар. Кыргыз тилин окутууда натыйжалуу интерактивдүү тексттик ыкмалардын катарына төмөнкүлөр кирет:

Диалогдук тексттерди талдоо — сүйлөө жана угуу көндүмдөрүн бир эле учурда өнүктүрөт.

Интерактивдүү текст түзүү (Google Docs, Padlet) — студенттердин биргеликте текст түзүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

Чат-боттун педагогикалык натыйжалуулугу анын жооп берүү мүмкүнчүлүгү менен гана эмес, студентке дароо кайтарым байланыш берүү, жекече суроолорду тактоо жана өз алдынча иштөөгө шарт түзүү функциялары менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда чат-ботту колдонуу тилдик компетенциянын автоматтык түрдө калыптанышына алып келбейт; натыйжа тапшырманын мазмунуна, студенттин активдүү катышуусуна жана окутуучунун методикалык багыт берүүсүнө байланыштуу.

QR-код аркылуу тексттик тапшырмаларды аткаруу — мобилдик түзмөктөр аркылуу текстке жетүүгө жана тапшырмаларга жооп берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Мультимодалдык тексттерди колдонуу — текст, сүрөт, видео жана аудиону айкалыштыруу аркылуу тил үйрөнүүгө шарт түзөт.

Интерактивдүү технологиялардын дидактикалык артыкчылыктары:

– мотивацияны жогорулатат: студенттер активдүү катышуучу ролунда болушат;

– кызыгууну жана чыгармачылыкты арттырат;

– тилдик компетенцияны калыптандырат: текстти түшүнүү, талдоо жана синтездөө жөндөмдөрү өнүгөт;

– жекече иш алып барууга мүмкүнчүлүк түзөт: ар бир студент өз ылдамдыгында үйрөнөт.

Жыйынтык. Кыргыз тилин окутуу процессинде интерактивдүү тексттик технологияларды пайдалануу салттуу окутууну санариптик каражаттар менен жөн гана алмаштыруу эмес, текст менен иштөөнүн педагогикалык моделин өзгөртүү болуп саналат. Мында студент текстти окуган гана эмес, аны талдаган, талкуулаган, өзгөрткөн жана жаңы текст түзгөн активдүү субъект катары каралат.

Изилдөөнүн теориялык талдоосу Ж. Чымановдун тексттин кыргыз тилин окутуудагы фундаменталдык ролу жөнүндөгү жоболору менен И. Бекбоевдин инсанга багыттап окутуу

принциптери интерактивдүү тексттик технологияларды методикалык жактан негиздөө үчүн ылайыктуу база экенин көрсөтөт.

Практикалык жактан алганда, Google Classroom, Google Docs, Padlet, QR-коддор, мультимодалдык материалдар жана AI негизиндеги чат-боттор тексттик тапшырмаларды уюштуруунун кошумча мүмкүнчүлүктөрүн түзөт. Бирок ар бир технология конкреттүү окуу максатына ылайык тандалып, студенттин өз алдынча тилдик ишмердүүлүгүн күчөтүүгө багытталууга тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, колледждерде кыргыз тилин окутууда интерактивдүү технологияларды колдонуу окутуунун сапатын арттыруунун, студенттердин активдүүлүгүн жогорулатуунун жана кыргыз тилин заман талабына ылайык үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. - Бишкек: Турар, 2009. 488 б.
2. Бекбоев И. Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - 3-бас. - Бишкек: Улуу тоолор, 2015. - 384 б. - ISBN 978-9967-13-725-7.
3. Суранова Н. Р. Колледждерде кыргыз тилин окутуунун өзгөчөлүгү//Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары = Известия Кыргызской академии образования. - 2016. № 2 (38). -Б. 43–47.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Саттарова А.Т.

УДК 81’243 378.147 811.111’25
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-251-261

Сыдыкбаева Б.Ш.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Сыдыкбаева Б.Ш.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Sydykbaeva B.Sh.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0007-0427-0349

КОТОРМОЧУ-СТУДЕНТТЕРДИ ОКУТУУДА КОММУНИКАТИВДИК МЕТОДДУ КОЛДОНУУ
ПРИМЕНЕНИЕ КОММУНИКАТИВНОГО МЕТОДА В ОБУЧЕНИИ СТУДЕНТОВ-ПЕРЕВОДЧИКОВ
APPLICATION OF THE COMMUNICATIVE METHOD IN TRAINING STUDENT TRANSLATORS

Кыскача мүнөздөмө: Бул илимий макалада котормочу-студенттерди окутууда коммуникативдик методду практикага багытталган долбоордук метод менен айкалыштырып колдонуу маселеси каралат. Коммуникативдик метод чет тилин өздөштүрүүдө практикалык натыйжаларга жетүүгө, студенттердин тилдик тоскоолдуктарды жеңүүсүнө жана маданияттар аралык баарлашуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Изилдөөнүн максаты — котормочуларды даярдоо процессинде бул эки методду айкалыштырып колдонуунун натыйжалуулугун илимий жактан негиздөө жана алардын студенттердин тилдик, коммуникативдик жана котормочулук компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө тийгизген таасирин аныктоо. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименттик жана байкоочу топтор түзүлүп, анкета жана байкоо жүргүзүлүп, алынган маалыматтар талданган. Коммуникативдик-котормо ыкмасы маалыматтык тексттерди блокторго бөлүп окутууга, фразеологиялык бирдиктерди